# СҮЙГҮМ КЕЛЕТ

Сөзү: Алыкул Осмоновдуку
Обону: Түмөнбай Колдошовдуку
2008-жыл
Аткаруучу: Т.Колдошов

Сүйгүм келет жаш жандырып, жаш болуп,
Жашым алдап, жаш кайыңдай мас болуп.
Жанар тоодой жалын чачкан отуңан,
Чыккым келет жанып чыккан таш болуп.

Сүйгүм келет, миң мертебе жаңылып,
Сүйгүм келет, сүйгөнүмө жалынып.
Өз күчүңдү, өз күчүмө багынтып,
Сүйгүм келет, кээде өзүңө багынып.

Көпкөк асман жерге түшсө жарылып,
Кыян жүрсө жердин үстү тарылып.
Ал кыяндан өтөөр элем кыйналбай,
Бир көз караш кубатыңды жамынып.